И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ош мамлекеттик университетине караштуу география илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча Д.25.24.698 диссертациялык кеңешинин эксперти, география илимдеринин доктору, доцент М.М.Дылдаевдин Баткен мамлекеттик университетинин табигый-илимий билим берүү кафедрасынын изденүүчүсү Даовлатова Феруза Муктаровнанын “КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮК АЙМАГЫНДАГЫ ЖЕР-СУУ АТАЛЫШТАРЫНЫН ТАРКАЛЫШЫ ЖАНА КЕЛИП ЧЫГЫШЫ” деген темада 25.00.24 – экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даржаны изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине

## ЭКСПЕРТТИК БҮТҮМҮ

Изденүүчүнүн “Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын таркалышы жана келип чыгышы” аттуу география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даржаны изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин кароо менен төмөнкүдөй чечимге келдим:

1.**Илимий иштин диссертациялык кецештин профилине жана адистигинин паспортуна дал келүүсү**

“Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын таркалышы жана келип чыгышы” деген аталыштагы Даовлатова Феруза Муктаровнанын география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети менен Ош мамлекеттик университетине караштуу география илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча түзүлгөн Д.25.24.698 Диссертациялык кецешинин профилине туура келет. 25.00.24 – экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

2.**Илимий иштин максаты жана милдеги**

Диссертациянын максаты болуп Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын таркалуу мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана аларга таасир этүүчү социалдык- жана экономикалык-географиялык факторлорун аныктоо, өзгөчө тарыхый-маданий топонимикалык мурас объектилерин маанилүүлүгүн тактоо менен азыркы социалдык-экономикалык жана саясий талаптарга ылайык сунуштарды иштеп чыгуу саналат.

Бул максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй милдеттер коюлду: Кыргыз Республикасында жана чет мамлекеттерде жер-суу аталыштарын географиялык багытта изилдөөнүн концептуалдык негиздерин илимий адабияттардын мисалында иликтөө, алардын тажрыйбасын өлкөнүн түштүк аймагынын топонимикалык илимий изилдөө иштеринде жайылтуу; Кыргыз Республикасынын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын территоиялык таркалуусун, ойкономикалык маңызын, аймактык

өзгөчөлүктөрүн жана аларга таасир этүүчү социалдык- жана экономикалык-географиялык факторлорун аныктоо; топонимикалык изилдөөнүн негизги багыттарын аныктоо менен географиялык аталыштарды табигый жана социалдык-экономикалык өзгөчөлүктөрү боюнча классификациялоо; Кыргызстандын түштүк-батыш чөлкөмү боюнча топонимикалык аталыштарга этимологиялык талдоо жүргүзүү жана жер-суу аталыштарынын өзгөрүп кетүү себептерин ачып көргөтүү; табигый-географиялык негизи бар аталыштардын (ороним, гидроним, фитоним, зоотопоним ж.б.) социалдык-экономикалык функцияларын талдоо, топонимдер түшүнүгүнүн географиялык мазмунун жана маңызын ачуу; аймактын топонимикасынын хронологиялык түзүлүшүн аныктоо, анын тарыхый туруктуулугуна жана өзгөрүүсүнө баа берүү, бул жагынан ички айырмачылыктарды жана аларды аныктоочу экономикалык-географиялык факторлорду изилдөө; ГИС-технологияларды колдонуу менен түштүк аймактын жер-суу аталыштарынын территориялык структурасын чагылдырган тематикалык топонимикалык карталардын сериясын түзүү; Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын административдик-аймактык бирдиктеринде топонимикалык мурастын элементтери болгон аталыштардын тизмесин калыптандыруу жана топонимикалык мурастарды коргоо боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

3.**Теманын актуалдуулугу**

Жер-суу аталыштарынын калыптануу процесси коомдун өнүгүшү менен тыгыз байланышта келет жана ал аталыштар кандайча берилиши коомдун белгилүү бир этаптагы керектөөсүнө жараша аныкталат. Географиялык аталыштар ар тараптуу жана көп кырдуу маалымат булагы болуу менен бирге адамзат коому үчүн зарыл жана маанилүү коомдук-саясий функцияны аткарат. Ошол себептүү ар кандай топоним адамдын ишмердүүлүгүнүн продуктусу болуу менен ал жердин белгилүү бир чекитинде географиялык объектинин аты катары пайда болгон.

Өлкөбүздүн азыркы өнүгүү шарттарында географиялык аталыштарды изилдөө жана алардын маанисин аныктоо маселелери өзгөчө актуалдуу, анткени, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызыкчылыктарын улуттук, тарыхый салттардын жана баалуулуктардын негизинде жарандарды руханий-адептик тарбиялоону андан ары өркүндөтүү максатында коргоо жана республиканын аймактарында административдик-террриториялык реформаны ийгиликтүү жүргүзүү максатында айрым топонимикалык аталыштарды атоо жана кайра атоо боюнча республика боюнча масштабдуу иш-чаралар жүргүзүлүүдө. Мындай иш демографиялык процесстерге, тарыхый ысымдардын кайтарып берүүгө, учурдун талабына жараша жаңы атоолорго байланыштуу болуп жатат. Белгилей кетсек, бул процесс бүгүнкү күндө Кыргызстандын түштүк аймагында өзгөчө байкалууда.

Адамдарды байыркы убактардан бери эле географиялык аталыштардын келип чыгышы кызыктырып келет. Мындай кызыгууну адам баласынын таанып-билүүчүлүк иш-аракетинин бир багыты катары кароого болот. Жер-суу аттарынын келип чыгуу себебин билүү бир тармактагы окумуштуулардын

иши эмес, а жалпы атуулдар өз жеринин аталыш себебин билүүсү зарыл. Өзү туулуп-өскөн же жашаган жеринин, ага тиешелүү болгон жер-суулардын аталыштарынын маанисин билүү алардын жалпы маданият деңгээлин көрсөтүп турат.

4.**Диссертациялык иштин жаңылыктары**

Изилдөөнүн жүрүшүндө илимий жаңылык катары төмөнкү теориялык жана практикалык натыйжалар алынды: аймактын топонимикасы биринчи жолу социалдык- жана экономикалык-географиялык жактан комплекстүү түрдө изилденди; Кыргызстандын түштүк аймагынын жер-суу аталыштарынын калыптануу өзгөчөлүгү боюнча 3 хронологиялык мезгилге (совет дооруна чейин, совет бийлигинин тушунда жана эгемендүүлүк жылдарында) бөлүндү жана аймактын топонимикасынын тарыхый өзгөрүү себептерине баа берилди; ГИС-технологияларды колдонуу менен Кыргызстандын түштүк аймагынын жер-суу аталыштарынын территориялык структурасын чагылдырган тематикалык топонимикалык карталардын сериясын түзүлдү; Кыргызстандын түштүгүндө кездешүүчү фарсы-тажик тилдериндеги географиялык терминдердин кыргызча түшүндүрмөсүн изилденди жана топонимикалык сөздүк түзүлдү.

**5.Изденүүчү тарабынан диссертацияда келтирилген ар бир илимий жыйынтыкты (илимий жобонун) жана бүтүмдөрдү негиздөө деңгээли жана тактыгы**

Илилдөө экономикалык жана социалдык география илиминин өнүгүшү үчүн маанилүү болгон эмгек, анда төмөндөгүдөй жаңы, илимий жактан негизделген теориялык жана практикалык жыйынттыктар алынган.

1-жыйыитык. Кыргызстандын түштүк аймагынын топонимикасы биринчи жолу социалдык- жана экономикалык-географиялык жактан комплекстүү түрдө изилденген жана илимий негизде талдоолор жасалган.

2-жыйынтык. Кыргызстандын түштүк аймагынын жер-суу аталыштарынын калыптануу өзгөчөлүгү боюнча 3 хронологиялык мезгилге бөлүнүп каралган: совет дооруна чейин, совет бийлигинин тушунда жана эгемендүүлүк жылдарында. Ошондой эле аймактын топонимикасынын тарыхый өзгөрүү себептерине баа берилген.

3-жыйынтык. Бүгүнкү мезгилге чейин ГИС-технологияларды колдонуу менен Кыргызстандын түштүк аймагынын жер-суу аталыштарынын территориялык структурасын чагылдырган тематикалык топонимикалык карталардын сериясын түзүлгөн. мындай карталардын илимий жактан да, практикалык жактан да мааниси чоң.

4-жыйынтык. Кыргызстандын түштүгүндө кездешүүчү фарсы-тажик тилдериндеги географиялык терминдердин кыргызча түшүндүрмөсү ар тараптуу изилденген. Бул изилдөөлөр сурамжылоо методун колдонуу менен кеңири жүгүзүлгөн булардын негизинде топонимикалык сөздүк түзүлгөн.

6.**Изденүүчүнүн диссертацияда келтирилген ар бир илимий жыйынтыгынын (илимий жобосунун) жана бүтүмдөрүнүн жаңылык деңгээли**

Диссертанттын жекече салымы болуп төмөнкүлөр саналат: аймактын жер-суу аталыштарын геотопонимикалык көз караштa биринчи жолу изилдеген; топонимика илиминин география илиминин алкагында геотопонимика илими катары калыптануусун көрсөтө алган жана ал экономикалык жана социалдык географиянын бир бөлүгү экендигин далилдеген; түштүк аймактын негизинде жер-суу аталыштарынын географиялык таркалышын негиздеген; геотопонимикалык изилдөөлөрдүн негизинде ГИС-технологиялардын жардамы менен областтык жана райондук масштабдагы карталар түзүлгөн. Жалпылап алганда, автордун жекече салымы теориялык жактан негизделген. Диссертациялык иштин негизги жоболору актуалдуу деп эсептеймин.

7.**Тийиштүү актуалдуу проблемаларды, теоретикалык жана колдонмо (прикладдык) милдеттерди чечүүгө арналган жыйынтыктардын ички бирдиктүүлүгүн жана багыттуулугун баалоо**

Алынган жыйынтыктар төмөнкү багыттарда: Кыргызстандын аймактарын топонимикалык максатта изилдөөдө; түштүк аймакты келип чыгуу себептерин кароо менен геотонимикалык жактан райондоштурууда; жер-суу аталыштарын сактоо, коргоо жана зарылдык болгон жерлерде алмаштыруу жаңылоо же кайрадан атоо иштеринде; жаш муундарды тарбиялоодо жер-суу атлыштарынын маанисин түшүндүрүүдө маанилүү. Экономикалык багытта: жер-суу аталыштарынын таркалуусунун экономикалык-географиялык маанисин ачып көрсөтүүдө жана даңазалоодо маанилүү. Иштеги жыйынтыктардын топтому болгон корутундулар жетишерлик децгээлде аргументтүү деп эсептөөгө болот.

8.**Алынган жыйынтыктарынын практикалык мааниси**

2024-жылга карата топонимдердин таркалуусу, келип чыгуу себептери жана түзүлүшүн (тили, лексика-семантикалык түрү, калыптануу мезгили ж.б.) көрсөтүү менен Кыргызстандын түштүк аймагынын жер-суу аталыштарынын реестри түзүлдү. Кыргызстандын түштүк аймагынын жер-суу аталыштарынын географиялык, лингвистикалык, топотерминологиялык жана хронологиялык курамын жана аймактын топонимикалык райондоштуруу схемасын чагылдырган топонимикалык тематикалык карталардын сериясы заманбап ГИС-технологияларын колдонуу менен түзүлдү. Ошондой эле эмгекте келтирилген маалыматтар, пикирлер жана корутундулар жогорку окуу жайларынын тиешелүү багыттары боюнча окуу процессинде мааниге ээ.

Ф.М.Даовлатованын диссертациясынын материалдарын ишке ашыруу төмөнкүлөргө мүмкүнчүлүк берет: диссертанттын жекече салымы болуп төмөнкүлөр саналат: түштүк аймакта, тактап атканда, Баткен чөлкөмүндөгү жер-суу аттарын изилдөөлөрдүн натыйжасында далилдөө иштери жүргүзүлүп, кээ бир аталыштарды өзгөртүү. Изилдөөнүн натыйжасында топонимикалык

сөздүк түзүлдү. Аткарылган иштердин натыйжасында башка тилден кирген мааниси түшүнүксүз аталыштарды өзгөртүү боюнча мамлекеттик администрацияларга сунуштарды берүү. Бүтүндөй алганда, автордун жекече салымы теориялык жактан негизделген.

Диссертация теориялык жаңы багытта жазылган иш болгондуктан анын материалдары төмөнкү багыттагы изилдөө иштеринде илимий-методикалык негиз боло алат:

-Кыргызстандын түштүк аймагын геотопонимикалык максатта экономикалык-географиялык таризде райондоштурууда;

-Кыргызстандын башка аймактарын топонимикалык изилдөөдө жана буга байланышкан тематикалык карталарды түзүүдө;

-жер-суу аталыштарынын келип чыгышы, мааниси жана аларды коргоо маселери боюнча иш алып барууда;

-айрым топонимикалык аталыштарды кайра атоо зарылдыгы келип чыкканда;

-диссертациялык иштердин негизги жыйынтыктары жогорку окуу жайларынын табият таануу жана туризм багытындагы факультеттерде окуу процессинде колдонууга болот. “Кыргызстандын географиясы”, “экономикалык жана социалдык география”, “Край таануу”, “Кыргызстандын туризми” дисциплиналарын окутууда;

-Кыргызстандын областтарын жана райондордун комплекстүү изилдөөдө.

9.**Диссертациядагы байкалган кемчилдиктер**

Диссертациялык иш жаңы багытта илимий теориялык негизде биринчи жолу жазылган иш болгондуктан төмөнкү айрым кемчилдиктер байкалат.

1.Топонимикалык изилдөө өзүнүн спцификасы боюнча майда масштабдуу иш болгондуктан 3 түштүк областы изилдөөгө чоңдук кылат, бир областтын алкагында изилдөө жүргүзүү жетиштүү болмок.

2.Жер-суу аталыштарын геоморфологиялык формалар жана географиялык обьектилер (тоо, үрүүн, түздүк, дарыялар, көлдөр ж.б.) боюнча изилдөө жүргүзүлгөн эмес.

3.Түштүк аймакка Ош шаары кирет, бирок Ош шаары боююнча топонимикалык талдоолор жок.

4.Диссертацияда айрым стилистикалык жана редакциялык каталар бар.

Көрсөтүлгөн кемчилдиктер иштин баалуулугуна таасир эте албайт, келечектеги изилдөөлөрдө эске алса болот.

10.**Диссертациянын илимий натыйжаларын ишке ашыруунун натыйжасында төмөнкү чоң жыйынтыктарга жетишкен**:

1.Кыргыз Республикасында жана чет мамлекеттерде жер-суу аталыштарын географиялык багытта изилдөөнүн концептуалдык негиздерин илимий адабияттардын мисалында иликтенип, алардын тажрыйбасы өлкөнүн

түштүк аймагынын топонимикалык илимий изилдөө иштеринде жайылтылган.

2.Кыргыз Республикасынын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын территоиялык таркалуусу, ойкономикалык маңызы, аймактык өзгөчөлүктөрү жана аларга таасир этүүчү социалдык- жана экономикалык-географиялык факторлор аныкталган.

3.Кыргызстандын түштүк-батыш чөлкөмү боюнча топонимикалык аталыштарга этимологиялык талдоо жүргүзүлгөн жана жер-суу аталыштарынын өзгөрүп кетүү себептерин ачып көрсөткөн.

4.Аймактын топонимикасынын хронологиялык түзүлүшү аныкталып, анын тарыхый туруктуулугуна жана өзгөрүүсүнө баа берилген, бул жагынан ички айырмачылыктарды жана аларды аныктоочу экономикалык-географиялык факторлору аныкталган жана буга тиешелүү айрым зарыл сунуштар айтылган.

11.**Диссертациянын негизги жоболорунун, натыйжаларынын жана бүтүмдөрүнүн жарыкка чыгуусун тастыктоо**

1.Даовлатова Ф.М. Кыргызстандын түштүгүндөгү фарсы жана тажик тилдеринен кирген жер-суу аталыштары [Текст] /Ф.М.Даовлатова //ОшМУ жарчысы, №5, 2017. -143-146-б.

2.Даовлатова Ф.М. Малые города южного региона Кыргызстана: типология, особенности и возможности развития [Текст] /Ф.М.Даовлатова, Г.А.Момошева, Ж.Т.Шерматова //Молодой ученый, №12, 2017. -С. 205-207.

3.Даовлатова Ф.М. Түштүк-Батыш Кыргызстандын жер-суу аталыштарынын этимологиясы [Текст] /Ф.М.Даовлатова //Известия ВУЗов Кыргызстана, №5, 2018. -32-36-б.

4.Даовлатова Ф.М. Баткен аймагындагы жер-суу аталыштарынын этимологиясы [Текст] /Ф.М.Даовлатова, Б.Ж.Жамшутова, Н.К.Ташматова //Известия вузов Кыргызстана, №11, 2019. -33-36-б.

5. Daovlatova F.M. Improving Food Security of the Southern Regions of Kyrgyzstan by Reducing the Harmful Impact of Industrial Enterprises. A. A. Abdubautova, N.K.Tashmatova, C. A. Madiarova, F. M. Daovlatova, G.T.Omurzakova, Scopus, Title of book /Volume/ Conference: Growth Poles of the Global Economy: Emergence, Changes and Future Perspectives. 2019. №3. -C.251-262.

6.Даовлатова Ф.М. Түштүк-батыш Кыргызстандын гидронимдеринин аталышы [Текст] /Ф.М.Даовлатова //Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, №5, 2021. -26-31-б.

7.Даовлатова Ф.М Топонимдердин классификациясы [Текст] /Ф.М.Даовлатова //ОшМУ жарчысы, 2022. -158-162-б.

8.Даовлатова Ф.М. Топонимдердин этимологиялык классификациясы [Текст] / Ф.М.Даовлатова //Арабаев ат. КМУ жарчысы, №4, 2022. -38-43-б.

9. Даовлатова Ф.М. Билим берүүдө жергиликтүү топонимдерди колдонуу [Текст] /Ф.М.Даовлатова //Арабаев ат. КМУ жарчысы. №2, 2023. -61-65-б.

10.Даовлатова Ф.М. Антропотопонимдер жер-суу аталыштарында [Текст] /А.Т.Арыстанова, Ф.М.Даовлатова //Известия вузов Кыргызстана, №4, 2023. -49-53-б.

11.Даовлатова Ф.М. Реки Кыргызстана и их гидрологическая характеристика по топонимическим данным [Текст] /Т.Эшанкулов, Ф.М.Даовлатова, С.Т.Сарыбаева //Новая наука. Наука XXl века: становление, развитие, прогнозы, 2024. -С.326-334.

12. Даовлатова Ф.М. География предметин табигый илимдер менен интеграциялап окутуу [Текст] / Ф.М.Даовлатова, А.Абдибаитова // Наука и новые технологии и инновации Кыргызстана, №8, 2024. -55-58-б.

13. Даовлатова Ф.М. Баткен аймагындагы өсүмдүктөрдүн аттарынан аталган жер-суу аталыштары [Текст] /Ф.М.Даовлатова, Ш.Б.Шеров, Б.У.Канназарова //Наука и новые технологии и инновации Кыргызстана, №8, 2024. -59-62-б.

14. Даовлатова Ф.М. Топонимика часть экономической, социальной и политической географиии и её значениев современной жизни [Текст] / А.Г.Низамиев, Г.А.Момошева, Ф.М.Даовлатова //Вестник Кыргызстана, №2(1), 2024. -243-248-б.

15. Даовлатова Ф.М. Перспективы экологизации развития городских поселений в Кыргызстане [Текст] / Г. А. Момошева, А. Г. Низамиев, С. Ж. Артыкбаева, Ф. М. Даовлатова // Веб-конференция E3S. Международная научно-практическая конференция «Устойчивое развитие окружающей среды и сельского хозяйства: зеленые и природоохранные технологии» (УРОС 2024) **Том** 537, 2024.

16. Даовлатова Ф.М. Кыргызстандын түштүгүндөгү фарсы жана тажик тилдеринен кирген жер-суу аталыштарынын этимологиясы: Окуу-усулдук колдонмо. Ош, 2017. -48 б.

12.**Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши**

Автореферат диссертациялык иштин мазмунун толук чагылдырат, кыргыз жана орус тилдеринде бирдей мааниге ээ.

13.**Жетектөөчү мекемени жаиа расмий оппоненттерди бекитүү боюнча сунуштун негизделиши**

Диссертациялык кеңешке эксперт катары төмөндөгүдөй дайындоону сунуш кылам:

1) жетектөөчү мекеме катары Өзбекстан Республикасынын Бердах атындагы Каракалпак мамлекеттик университетинин экономикалык жана социалдык география география кафедрасын бекитсек болот; диссертациянын

25.0024 адистик багыты боюнча илимдин доктору жана илимдин кандидаттары эмгектенет; кафедрада топонимика боюнча бир катар иштер аткарылып, ийгиликтүү корголгон.

2) биринчи расмий оппонент катары Өзбекстан Республикасынын Фергана мамлекеттик университетинин илимий иштер боюнча проректору, г.и.д., профессор Ахмадалиев Юсуфжон Исмоилович (адистиги 25.00.24 — экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география) сунуштоого болот. Ал Өзбекстандагы геотопонимика боюнча алдыңкы адис-окумуштуу, бул багытта монографиялары, окуу куралдары жана илимий макалары бар. Анын корголуп жаткан темага шайкеш келген төмөнкү эмгектери бар:

1.Ахмадалиев Ю. И. Топонимика ва географик терминшунослик. - Фаргона, 2018. -118 б.

2.Ахмадалиев Ю.И. Топонимы Ферганской области. -Фергана, 2009. -140 с.

3.Ахмадалиев Ю.И. Анди-тутинган демак //Фан ва турмуш, 1997 й.№1.

4.Ахмадалиев Ю.И., Комилова Н. Манзиллар. Номлар. Маънолар.- Фарғона, 2005. -45 б.

5.Аҳмадалиев Ю.И. Ферганская область: названия городов, сел и кварталов. – Ташкент: Наврўз, 2007. -225 с.

2) экинчп расмий оппонент катары Казакстан Республикасынын аль-Фараби атындагы Казак улуттук университетинин география, кадастр жана жерге жайгаштыруу кафедрасынын доценти, г.и.к. Мылкайдаров Алим Толековичти (адистиги 25.00.24 — экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география) бекитүү сунушталат. бул окумуштуунун диссертациянын багыты боюнча темага байланыштуу төмөнкү эмгектери бар:

1.Мылкайдаров А.Т. Географические соображения и взгляды в исследованиях Аль-Фараби //Ауданбек Көбесов – әл-Фарабидің философ-ойшыл, математик, жаратылыстанушы, педагог екендігінің шынайы бейнесін жасаушы және заманауи білім мен тәрбие: профессор А.Көбесовтың 90 жылдығына арналған халықаралық ғылыми-тәжірибелік конференциянын матералдары. -Алматы, 2022.

2.Мылкайдаров А.Т. Использование научного языка географии в экономической, социальной и политической географии мира // Материалы международной научно-практической конференции «Географические основы устойчивого развития». –Алматы, 2023.

3.Мылкайдаров А.Т. Возможности повышения картографической Грамотности на уроках географии //Материалы международной научно-практической конференции «Географические основы устойчивого развития». –Алматы, 2023.

4.Мылкайдаров А.Т. Роль преподавания исторической географии на уроках географии //Материалы I международного географического конгресса тюркского мира. –Туркестан, 2024.

**Жыйынтык**

Даовлатова Феруза Муктаровнанын “Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу аталыштарынын таркалышы жана келип чыгышы” деген темада 25.00.24 – экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даржаны изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин окуп чыгып, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ош мамлекеттик университетине караштуу география илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча түзүлгөн Д.25.24.698 диссертациялык кеңешинде ачык коргоого сунуш кылам. Диссертация Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын талабына толук жооп берет.

**Д 25.24.698 диссертациялык кеңешинин эксперти,**
**г.и.д., доцент** **Дылдаев М.М.**
24,02,2025

М.М.Дылдаевдин колун тастыктаймын.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**г.и.к., доцент** **Солпуева Д.Т.**

2025-жылдын “25” февраль

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ
И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ